# КЫРГЫЗ ТИЛИ ЖАНА АДАБИЯТЫ КЫРГЫЗ ТИЛИНДЕ ОКУТУЛБАГАН БИЛИМ БЕРҮҮ МЕКЕМЕЛЕРИНДЕ КАФЕДРАСЫ

# *Кафедрада 9 окутуучу-профессор, 1 комокчу персонал (лаборант) эмгектенет. Анын ичинде:*

- Илимдин доктору, профессор-1
- Илимдин кандидаты, профессор -2
- Илимдин кандидаты, доцент-4
- Илимдин кандидаты, ага окутуучу-1
- Ага окутуучу-1
- Лаборант-1



***Акунов Эмилбек Бердибаевич***
***Кафедра башчысы, филология илимдеринин кандидаты, профессор***



***Жумаев Мырзабек Көчөрбаевич***
***Филология илимдеринин доктору,***
***профессор***



***Токушева Төлөбүбү Сагынбековна***
***Филология илимдеринин кандидаты, профессор***



*Апышева  Майрамкуль Тункатаровна*
*Ага окутуучу*



***Орозалиева Жүрсүн Муканбетовна***
***Филология илимдеринин кандидаты, доцент***



***Бешкемпирова Айнура Иймамбековна***
***Филология илимдеринин кандидаты, доцент***



**Осмонова Наргүл Ыманалиевна**

**Филология илимдеринин кандидаты, доцент**



***Абдыкадырова Гулсаада Көчкөнбаевна***
***Филология илимдеринин кандидаты, ага окутуучу***



**Исмаилова Гүлбарчын Карыбаевна**
**Филология илимдеринин кандидаты, доцент**



**Обулбекова Мунара Баисбековна**
**Лаборант**

Кафедра башчысы – филология илимдеринин кандидаты, профессор Э.Б.Акунов.

Кафедра 1993-жылы кыргыз тили жана адабияты кыргызча эмес билим берүү мекемелеринде деген аталыш менен түзүлгөн. Кафедранын уюшулушу Кыргыз Республикасынын 1989-жылы 23-сентябрда кабыл алынган «Мамлекеттик тил жөнүндөгү мыйзамга» ылайык негизделген. Кыргыз тили жана адабиятын бөтөн тилдүү билим берүү мекемелеринде жана аудиторияда окутуу жана жайылтуу маселелери, анын теориялык жана практикалык жоболору ушул токтомдо так көрсөтүлгөн.

Кафедраны ачуу, анын укуктук, окуу, илимий багыттагы нормативдик документтерин иштеп чыгуу, окуу пландарын, стандарттарын түзүү, окуу-тарбиялык жана илимий-методикалык багытын, проблемаларын тактоо, аныктоо, аны жөнгө салуу иштерин жүргүзүүдө ошо кезде кафедра башчысынын милдети жүктөлгөн, дайындалган профессор К.Байжигитов кыйла кызмат өтөдү. Кафедранын профессордук курамын алгачкы мезгилде кыргыз тил илими кафедрасынан чакыртылган Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнө эмгек сиңирген ишмер, профессор Б.Үмөталиева, ага окутуучу А.Умаралиев, филология илимдеринин доктору, профессор Т.Токоев, кыргыз адабияты кафедрасынан тартылган профессор К.Байжигитов, филология илимдеринин доктору, профессор М.Жумаев, филология илимдеринин доктору, профессор Б.Акматов, факультетти жаңыдан аяктаган окутуучулук кызматка калтырылган М.Апышева, М.Садыровдор болушкан.

Мезгил өткөн сайын кафедранын илимий-педагогикалык потенциалы жана сапаты мазмундук жактан байып, жаңы кадрлар менен тынымсыз толукталып жүрүп олтурган. Кийинчерээк кафедранын жамаатына педагогика илимдеринин кандидаты, профессор С.Шатманов, филология илимдеринин кандидаты, профессор С.Закиров, филология илимдеринин доктору К.Асаналиев, филология илимдеринин кандидаты, доцент А.Шаршенбаевдер келип кошулушкан. С.Шатманов өмүрүнүн көбүн Ош мамлекеттик университетинде өткөргөн, жогорку квалификациялуу филолог кадрларды даярдоодо кыйла эмгек сиңирген, тажрыйбалуу адистердин катарында турат. Анын кыргыз тилинин синтаксисинин, лексикасынын олуттуу маселелерин изилдеген окуу куралдары, илимий-методикалык эмгектери, типтүү көрсөтмөлөрү орто мектептин окуу процессинде алиги күнгө чейин колдонулуп келет.

Кафедранын аталышы 2009-жылы салыштырма лингвистика жана адабият болуп өзгөртүлгөн жана ал бул структуралык бөлүмдүн мүнөзүнө жана спецификасына ылайык келет

Кафедранын уюшулушунан бери алгачкы учурларда профессор К.Байжигитов, андан соң ар кайсы мезгилдерде филология илимдеринин кандидаты, профессор С.Закиров, Кыргыз Эл жазуучусу, филология илимдеринин доктору К.Асаналиев жетектеп келишкен, анын коомдук жана илимий-педагогикалык кадыр-баркынын артылышына өздөрүнүн олуттуу салымдарын кошушкан. Азыркы күндө кафедра кыргыз тили жана адабияты кыргызча окутулбаган билим берүү мекемелеринде өзгөрүп филология илимдеринин кандидаты, профессор Э.Акунов башчылык кылууда. Ал 2005-жылы «Эсенгул Ибраевдин поэтикалык дүйнөсү» аттуу кандидаттык диссертациялык ишин ийгиликтүү коргоп, эки монографиялык эмгегин, эки методикалык колдонмосун жана ондон ашык илимий-методикалык мүнөздөгү макалаларын жарыялаган. Кафедранын негизги предметтери боюнча лекция жана практикалык сабактарды жүргүзүп, жогорку квалификациялуу илимий-педагогикалык кадрларды даярдоого өз үлүшүн кошуп келүүдө.

Бүгүнкү күндө кафедранын илимий-педагогикалык курамын филология илимдеринин доктору, профессорлор М.Жумаев, Э.Акунов, доценттер:, Т.Токушева, Н.Осмонова, А.Бешкемпирова, Ж.Орозалиева жана ага окутуучулар: М.Апышева, Б.Бабашева, Г.Абдыкадыровалар түзүшөт. Кыргыз диалектологиясы жана лексикологиясы боюнча изилдөөлөр менен алпурушуп келаткан ага окутуучуларыбыз М.Апышева, А.Бешкемпирова, тилдердин типологиясы багытында эмгектенген Б.Бабашева, кыргыз адабиятындагы стилдик өзгөчөлүктөр, адабият таануу илиминин айрым көрүнүктүү өкүлдөрүнүн чыгармачылык бөтөнчөлүктөрү менен убараланган филология илимдеринин кандидаты, доцент Т.Токушева, улуттук фольклористика илиминин өнүгүш кыймылын аныктоо аракетинде жүргөн Ж.Орозалиева, кенже баатырдык эпосторду орто мектептерде инновациялык технология менен окутуунун маселелери менен иш алып барган Г.Абдыкадырова жана кафедранын техникалык иштерин алып барган лаборант М.Обулбековалар эмгектенип келишет

Кафедра коомдогу жана эл агартуу системасындагы кырдаалдарга карата өз иш-пландарын дайыма жаңылап турат, өзүнүн илимий жана педагогикалык мүмкүнчүлүктөрүн, топтогон тажрыйбаларын жогорку квалификациялуу филолог адистерди талапка ылайык даярдоого аракеттерин жумшоодо.

Кафедра азыркы кезде окуу-методикалык куралдары жана илимий эмгектерди жазууну улантууда. Жаш илимпоздорду даярдоо ишине да көнүл бурулууда.

**2017-жылынан баштап кафедра кыргыз тили жана адабияты кыргыз тилинде окутулбаган билим берүү мекемелеринде деген аталышка өзгөргөн. Учурда кафедрада үч профессор, төрт доцент, эки ага окутуучу жана бир лаборант эмгектенишет.**

# Кыргыз тили жана адабияты кыргыз тилинде окутулбаган билим берүү мекемелеринде кафедрасынын акыркы 3 жылдагы окутуучулук-профессордук курамынын илимий эмгектеринин жарыяланышы

| Кызматкердин аты-жөнү, окумуштуулук даражасы/наамы | Макаланын аталышы | Басма (журналдын аталышы) | Жарыяланган күнү, жылы |
|---|---|---|---|
| **Ф.и.к., доцент Акунов Э.Б.** | «Постсоветтик доор жана Э.Ибраевдин көркөм дүйнөсү» | Ж.Баласагын атындагы КУУнун басмасы | 19-апрель 2017 |
| **Ф.и.д., профессор Жумаев М.** | Щинжан кыргыз адабияты 30 жылда же жолду жүргөн арбытат | Шанжан кыргыз адабияты | 2015-ж №3 |
| **Ф.и.д., профессор Жумаев М.** | Щинжан кыргыз адабияты 30 жылда же жолду жүргөн арбытат | Шанжан кыргыз адабияты | 2015-ж №4 |
| **Ф.и.д., профессор Жумаев М.** | Алыкул Осмоновдун энциклопедиясы | Б., Бийиктик | 2015 |
| **Ф.и.д., профессор Жумаев М.** | «Манас» энц. Сагынбай Орозбаковдун вариаты боюнча | Б., Бийиктик | 2015 |
| **Ф.и.д., профессор Жумаев М.** | Жазуучунун повесттериндеги темалык, идеялык өзгөчөлүктөр | Ж.Баласагын ат.КУУнун Жарчысы: атайын чыгарылышы | 2015 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **Ф.и.д., профессор Жумаев М.** | **Кыргыз адабиятында магиялык реализмдин кайра жаралыш маселелери** | **Ж.Баласагын ат.КУУнун Жарчысы: атайын чыгарылышы** | **2015** |
| **Ф.и.д., профессор Жумаев М.** | Соңку повесттердин темалык, идеялык өзгөчөлүктөрү | Б., Турар | 2015 |
| **Ф.и.д., профессор Жумаев М.** | Кыргызстандагы салыштырма адабият таануу жана А.Акматалиев | Манастан: Ч.Айтматовго карай: проблемалар жана көз караш | 2016 |
| **Ф.и.д., профессор Жумаев М.** | Адабиятыбыздын абалы кандай | Ж.Баласагын ат.КУУнуну гезити | 2016 |
| **Ф.и.д., профессор Жумаев М.** | Манас энциклопедиясы С.Каралаевдин варианты боюнча | Бийиктик | 2016 |
| **Ф.и.д., профессор Жумаев М.** | Реформаторлукпу же... | Тил жана маданаят | 29 -июнь, 2017 12-июль ,2017 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **Ф.и.к., доцент Осмонва Н.** | **Синхрондук котормонун табияты** | **Ж.Баласагын атындагы КУУнун Жарчысы. Атайын чыгарылышы. 175-180-б.** | **2015** |
| **Ф.и.к., доцент Осмонва Н.** | Автордук-индивидуалдык фразеологизмдердин көркөм текстте берилиши | Известии ВУЗов Кыргызстана. Бишкек. 196-200-б. | 2016 |
| **Ф.и.к., доцент Осмонва Н.** | Кыргыз тилиндеги соматикалык фразеологизмдердини семантикасы | Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. №3, 214-217-б. | 2016 |
| **Ф.и.к., доцент Осмонва Н.** | Жалпы тил илиминдеги жана кыргыз тил илиминдеги фразеологизмдердин изилдениши | БГУ жарчысы. № 3-4 (37-38) Б. 93-96-б. | 2016 |
| **Ф.и.к., доцент Осмонва Н.** | Ашым Жакыпбековдун “Теңири Манас” романындагы тилдик бирдиктерге сереп. | Ж.Баласагын атындагы КУУнун Жарчысы. Атайын чыгарылышы. | 2017 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **Ага окутуучу Апышева М.** | **Кыргыз элинин алкоо бата берүү сөздөр** | **КУУнун Жарчысы. Ат.чыг. (авторлош)** | **Б., 2015, 249-255-бб.** |
| **Ага окутуучу Апышева М.** | Ч.Айтматовдун «Жамийла» повести К.Асаналиевдин полемикаларында | КУУнун Жарчысы. Ат.чыг. (авторлош) | Б., 2015. 255-261 бб. |
| **ага окутуучу Бабашева Бурулсун Ишенбековна** | Кыргыз жана орус тилдериндеги эмотивдик модалдык киринди конструкциялар | Ж.Баласагын атындагы КУУнун Жарчысы. – | Б., 2015. |
| **ага окутуучу Бабашева Бурулсун Ишенбековна** | Эмотивные вводные конструкции кыргызского и русского языков | “Символ Науки” Международный центр инновационных исследований “Омега Сайнс” | №3, 2016, Уфа |
| **ага окутуучу Бабашева Бурулсун Ишенбековна** | Некоторые вставные конструкции кыргызского и русского языков | “Символ Науки” Международный центр инновационных исследований “Омега Сайнс” | №8 2016 Уфа |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **ага окутуучу Бабашева Бурулсун Ишенбековна** | **«Ботогөз булак» повестиндеги инвектива** | **«Айтматов окуулары – 2016» Эл аралык илимий-практикалык конференция.** | **Б., 2016, 234-237-бб.** |
| **ага окутуучу Бабашева Бурулсун Ишенбековна** | Кыргыз жана орус тилдериндеги даректик модалдык киринди конструкциялар | Известии ВУЗов Кыргызстана. Бишкек. | Б., 2016 |
| **ага окутуучу Бабашева Бурулсун Ишенбековна** | Коммуникативные вводные конструкции кыргызского языка в сопоставлении с русским языком | «Илим кечээ, бүгүн, эртең» аталышындагы Эл аралык XLIV илимий-практикалык конференция Новосибирск, | 2017, 90-96 бб. |
| **ага окутуучу Бабашева Бурулсун Ишенбековна** | Кыргыз жана орус тилдериндеги айрым кыстырынды конструкциялардын функциясы | Ж.Баласагын атындагы КУУнун Жарчысы. | 2017, №1 (89) Б., 36-43-бб. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **Абдыкадырова Гулсаада Кочконбаевна** | **Эпостордун окутуунун теориялык негиздери** | **И.Арабаев атындагы КМУнун Жарчысы** | **2015, №2. 147-149-бб.** |
| **Абдыкадырова Гулсаада Кочконбаевна** | Элдик кенже эпостордун алгачкы окуу программаларындагы орду | Кыргыз тили жана адабияты | 2015, №27. 200-2003бб. |
| **Абдыкадырова Гулсаада Кочконбаевна** | Тарых, саясат жана элдик эпосторду окутуу | Кыргыз тили жана адабияты | 2015, №27. 215-219 бб |
| **Абдыкадырова Гулсаада Кочконбаевна** | Мектепте «Эр Төштүк» жана «Эр Табылды» эпосторун окутуу проблемасынын изилдениш тарыхы | К.Карасаев атындагы БГУнун Жарчысы | 2015, №2. 190-192-бб. |
| **Абдыкадырова Гулсаада Кочконбаевна** | «Эр Төштүк» жана «Эр Табылды» эпосторун мектепте окутуунун өзгөчөлүктөрү | К.Карасаев атындагы БГУнун Жарчысы | 2015, №2. 194-196-бб. |
| **Абдыкадырова Гулсаада Кочконбаевна** | Кыргыз адабияты сабагында кенже эпостордогу образдарды талдоонун ыкмалары жана жолдору | И.Арабаев атындагы КМУнун Жарчысы | 2015, №1. 368-372-бб. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **Абдыкадырова Гулсаада Кочконбаевна** | **Эр Табылдынын образын талдоо** | **И.Арабаев атындагы КМУнун Жарчысы** | **2015, №1. 372-376-бб.** |
| **Абдыкадырова Гулсаада Кочконбаевна** | «Эр Төштүк», «Эр Табылды» эпосторунун жазылып алынышы жана жарыяланышы | Ж.Баласагын атындагы КУУнун Жарчысы. | 2015, 238-243-бб. |
| **Абдыкадырова Гулсаада Кочконбаевна** | Адабият окуу курсунда «Эр Төштүк», «Эр Табылды» эпосторун үйрөнүү процессинде окуучулардын этномаданий, этнолингвистикалык компоттентүүлүктөрүн калыптандыруу | Ж.Баласагын атындагы КУУнун Жарчысы. | 2015, 243-249-бб. |
| **Абдыкадырова Гулсаада Кочконбаевна** | Некоторые проблемы преподавания малых эпосов | «Новая наука: От идеи к результаты» – Часть 2. – РФ, г.Стерлитамак: Изд. «Агенства международных исследований» | 2016, 3-10 ст. |
| **Абдыкадырова Гулсаада Кочконбаевна** | Обучение понятиям о сюжете и композиции по материалам эпоса | «Новая наука: Проблемы и перспективы» – Часть 2. – РФ, г.Стерлитамак: Изд. «Агенства международных исследований» | 2016, 3-11 ст. |
| **Абдыкадырова Гулсаада Кочконбаевна** | Обучение вопросов композиционной организации развития событий в малых эпосах | Интернаука - Часть 1. №8 (12). РФ, г.Москва: Изд. «Интернаука» | 2017, 63-66 ст. |
| **Абдыкадырова Гулсаада Кочконбаевна** | Существенные вопросы обучения эпосов | Интернаука - Часть 1. №8 (12). РФ, г.Москва: Изд. «Интернаука» 2017, | 2017, 67-70 ст. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **Бешкемпирова Айнура Иманбековна** | **“Манас” эпосунда элес тууранды сөздөрдүн семантикасы** | **И.Арабаев атындагы кыргыз мамлекеттик университетинин Жарчысы. Атайын чыгарылышы.** | **Б., 2014. –82-88-б.** |
| **Бешкемпирова Айнура Иманбековна** | “Манас” эпосунда тууранды сөздөрдүн фоностилистикалык өзгөчөлүктөрү | И.Арабаев атындагы кыргыз мамлекеттик университетинин Жарчысы. Атайын чыгарылышы. | Б., 2014. –88-92-б. |
| **Бешкемпирова Айнура Иманбековна** | “Манас” эпосундагы жаныбарларга байланыштуу табыш тууранды сөздөр | Ж.Баласагын атындагы КУУнун Жарчысы. – | Б., 2014., 139-143-б. |
| **Бешкемпирова Айнура Иманбековна** | “Манас” эпосунда тууранды сөздөр уюштурган кайталоо стилдик каражаттарынын берилиши | Ж.Баласагын атындагы КУУнун Жарчысы. | Б., 2014. 173-177-б. |
| **Бешкемпирова Айнура Иманбековна** | Адамдардын сырткы кебете-кешпирин туюндурган элес туурандылар | Ж.Баласагын атындагы КУУнун Жарчысы. –5-чыгарылышы. – | Б., 2014., 178-182-б. |
| **Бешкемпирова Айнура Иманбековна** | “Манас” эпосундагы сырткы (экстерорецептер) туюп сезүүнү билдирген туюм тууранды сөздөр | Ж.Баласагын атындагы КУУнун Жарчысы. Атайын чыгарылышы. – | Б., 2015.–215-221-б. |
| **Бешкемпирова Айнура Иманбековна** | “Манас” эпосундагы туюм тууранды сөздөрдүн семантикасы | Ж.Баласагын атындагы КУУнун Жарчысы. Атайын чыгарылышы. – | Б., 2015.–221-225 -б. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **Бешкемпирова Айнура Иманбековна** | **Семантико-стилистические особенности подражательных слов в эпосе «Манас»** | **МЕЖДУНАРОДНЫ ЦЕНТР ИННОВАЦИОННЫХ ИССЛЕДОВАНИЙ «ОМЕГА САЙНС» международного научного журнала «СИМВОЛНАУКИ» «Омега-сайнс»** E-mail: mail@os-russia.com<br>ISSN 2410-700X<br>**No 3/2016 В 4 ЧАСТЯХ ЧАСТЬ 3. – Уфа.,3/2016 25 марта 2016г. с.125-130** | |
| **Бешкемпирова Айнура Иманбековна** | Семантика звукоподражательных слов в эпосе «Манас» | МЕЖДУНАРОДНЫЙ ЦЕНТР ИННОВАЦИОННЫХ ИССЛЕДОВАНИЙ «ОМЕГА САЙНС» KON-101 «ИННОВАЦИОН-НЫЕ ПРОЦЕССЫ В НАУЧНОЙ СРЕДЕ»(РИНЦ)<br>Сборник статей Международной научно-практической конференции – Киров<br>МЦИИ «ОМЕГА САЙНС» KON-101 23 марта 2016г. Том1 с.202-207 | |
| **Бешкемпирова Айнура Иманбековна** | Семантика звукоподражательных слов в эпосе «Манас» | Альманах современной науки и образования. ISSN 1993-5552. №11 (113) 2016.<br>Тамбов. Издательство «Грамота» | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **Токушева Толобубу Сагынбековна** | **Ч.Айтматовдун повесть жанрында лиризмди колдонуу чеберчилиги** | **«Айтматов окуулары - 2015» Эл аралык илимий-практикалык конференция материалдары** | **2015, 423-431-бб.** |
| **Токушева Толобубу Сагынбековна** | Ч.Айтматовдун «Деңиз бойлой жорткон Ала-Дөбөт» повестиндеги көркөм лиризм | Тил, адабият жана искусство маселелери, № 1, Эл аралык илимий-практикалык конференция материалдары | 2016, 260-264-бб. |
| **Токушева Толобубу Сагынбековна** | Кыргыз повесттериндеги лиризм маселеси (60-80-жылдар) | монография | 2016 |
| **Токушева Толобубу Сагынбековна** | К.Каимовдун чыгармаларындагы көркөм лиризм | Наука, новые технологии Кыргызстана | 2016, №2 |
| **Токушева Толобубу Сагынбековна** | Ч.Айтматов жана лиризм | Известия вузов Кыргызстана | 2016, №3 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **Токушева Толобубу Сагынбековна** | **Ч.Айтматов жана лиризм** | **Известия вузов Кыргызстана** | **2016, №3** |
| **Токушева Толобубу Сагынбековна** | Ч.Айтматовдун «Гулсарат повестиндеги лиризмдин орду» | «Научная дискуссиия: вопросы филологии, искусствоведения и культурологии» Интернаука журналы (Россия) | 2016, |
| **Токушева Толобубу Сагынбековна** | С.Карачевдин повесть жанрындагы лиризмдин колдонулуш чеберчилиги | Наука, новые технологии Кыргызстана | 2016, №4 |
| **Токушева Толобубу Сагынбековна** | 20-30-жылдардагы кыргыз адабиятында үркүн темасынын көркөм чагылышы | Форум гуманитарных наук Международная конференция (Астана) | 2016 |
| **Токушева Толобубу Сагынбековна** | XX кылымдын 60-80-жылдардагы повесть жанрында лиризмдин орду | И.Арабаев атындагы КМУ Жарчысы | 2017 |
| **Токушева Толобубу Сагынбековна** | К.Баялиновдун “Ажар” повестиндеги лиризм | Эл агартуу: | 2017, №6 |

## Кыргыз тили жана адабияты кыргыз тилинде окутулбаган билим берүү мекемелеринде кафедрасынын 2018-2020-жылдар үчүн илимий багыты боюнча иш-пландары:

- Кафедра «Мамлекеттик тил кыргыз тилинде окутулбаган билим берүү мекемелеринде» - 550001 адистигин даярдоо иштерин жүргүзөт. Ушуга байланыштуу бул бөлүмгө орус жана кыргыз тилдерин параллель билген абитуриенттердин арасынан тандап алуу зарыл. Кафедра спецификалык мүнөздө болгондуктан, өзүнчө окуу кабинетине ээ болушу кажет. Бул окуу процессинин сапатын көтөрүүгө жардам берет.

Кафедранын КМШ өлкөлөрүндөгү жогорку окуу жайларынын тиешелүү структуралары менен байланышын чыңдоо зарыл.
Маселен, кыргыз тили жана адабияты кыргыз тилинде окутулбаган билим берүү мекемелеринде кафедрасы Москва лингвистикалык университети менен карым-катышты жөнгө салууда. Мында окутуучулардын квалификациясын көтөрүү, аларды тиешелүү стажировкадан өткөрүү, студенттерди алмашуу иштери практикаланмак. Мындай мүмкүнчүлүктөрдү башка коңшулаш өлкөлөрдүн окуу жайлары менен издөө керек. Кафедра андай иштерди келечекте аткарууну көздөйт.

2018-2020-жылдар аралыгында мамлекеттик тилдин жана адабияттын актуалдуу проблемалары боюнча илимий-практикалык, илимий-теориялык конференцияларды системалуу өткөрүү, лингвистикалык жана адабияттык жетишкендиктерди пропагандалоо максатын жүзөгө ашырмакчы.

Мындан сырткары кафедранын профессордук-окутуучулар жамаатынын күчү менен төмөндөгүдөй окуулуктарды жазуу жана жарыялоо күн тартибине коюлууда:

| | Эмгектин аталышы | Аткаруучулар | Мөөнөті |
|---|---|---|---|
| а | «Кыргыз, турк, орус тилдеринин салыштырма типологиясы» боюнча окуу китебин жазуу | Профессор: Т.Токушева, доценттер: Н.Осмонова, А.Бешкемпирова, улук окутуучулар: М.Апышева, Б.Бабашева. | 01.09.2018.-31.12.2020. |
| б | «Азыркы учурдагы адабият таануу илиминин актуалдуу маселелери» боюнча изилдөө | Профессорлор: Э.Акунов, М.Жумаев, доцент: Ж.Орозалиева, Г.Исмаилова, улук окутуучу Г.Абдыкадырова. | 01.09.2018.-31.12.2020. |

## КАФЕДРАНЫ ӨНҮКТҮРҮҮНҮН БЕШ ЖЫЛДЫК ПЛАНЫ

**Башкы максат:**

- \- кафедранын адистиги боюнча жогорку квалификациялуу адистерди, магистрлерди, аспиранттарды даярдоонун, ошондой эле заманбап билим берүү технологияларын киргизүүнүн негизинде факультеттин туруктуу өнүгүүсүн камсыздоо;
- Учурда кыргыз тили жана адабияты кыргыз тилинде окутулбаган билим берүү мекемелеринде бөлүмүндө студенттердин контингенти:
- сырттан окуу бөлүмүндө (ДОТ) – 23студент;
- Күндүзгү бөлүмдө – 122 студент
- жалпы - 145 студентти түзөт.
- Биздин кафедранын азыркы учурдагы башкы максаты – магистратура бөлүмүн ачуу.

**Негизги приоритет:**
кафедранын окутуучу-профессорлорунун биримдигин чыңдоо менен иштегенге жагымдуу шарттарды түзүүгө, ошондой эле студенттердин ар биринин жеке жоопкерчилигин арттырууга жана өзүн көрсөтө алуусуна басым жасоо.

**Негизги милдеттер:**
- университеттин тапшырмасын аткаруу, анын ичинде башталган алгылыктуу иштердин аягына чыгуу;
- жаш, компетенттүү адистердин кафедрада иштеп калуусуна шарттарды түзүү;
- магистратура бөлүмүн ачуу менен кафедранын окутуучу-професорлорунун окуу жүктөрүн жогорулатуу;
- бөлүмдөгү магистатурага тапшыруу боюнча 3-4-курстун студенттери менен маектешүү. Бишкек шаарынын жана республиканын ЖОЖдорунун бүтүрүүчүлөрү - бакалаврлары менен жолугушууларды өткөрүү. Магистратурага өтүү үчүн  ЖОЖдорго жана мектептерге маалымат жайылтуу.  Магистр программасы боюнча буклеттерди даярдоо;
- Бишкек шаарынын жана Чүй облусунун алдыңкы мектептеринде «КУУ» күндөрүн өткөрүү, бүтүрүүчү класстын окуучуларына  кесиптик багыт берүү боюнча үгүт ишин жүргүзүү;
- түрдүү сынактарга жана иш-чараларга катышып, өлкөнүн, анын ичинде университеттин атагын чыгарып жүрүшкөн таланттуу студенттердин, устаттарынын эмгегин баалоо.

**Каржылык ишмердик:**
- бюджеттен тышкаркы билим берүү кызматтарын көрсөтүүдөн, инновациялык долбоорлордон түшчү кирешелерди көбөйтүүнүн эсебинен факультеттин финансылык стабилдүүлүгүн камсыздоо;
- университеттин өнүгүүсү үчүн «Бизнес – жардам» аталышындагы клуб түзүү жана анын негизинде директорлор кеңешинде, башкаруу кызматтарында эмгектенген бүтүрүүчүлөрдүн салым кошуусуна жетишүү.

**Материалдык-техникалык базаны иретке келтирүү жана өнүктүрүү:**
- кафедранын материалдык-техникалык (компьютер, принтер ж.б) көйгөйлөрүн чечүү;
- бөлүмгө кошумча К.Байжигитов атындагы илимий-методикалык кабинет ачууга жетишүү.

**Билим берүү ишмердиги:**
- өз ара тармактык иштешүүнү колго алуу менен, тактап айтканда, мекемелер, уюмдар кесипкөй коомчулук менен биргеликте билим берүү, илим-изилдөө программаларын ишке ашырууга жигердүү катышуу менен, факультеттин аянтчасын түрдүү деңгээлдеги эксперттик ачык талкуулар үчүн пайдаланууга студенттерди тартуу аркылуу келечек адистердин өзүн көрсөтүүсүнө, билимин тереңдетүүсүнө жана креативдүү болуусуна мүмкүнчүлүк түзүү;
- республикалык жана эл аралык эмгек базарында атаандаштыкка жөндөмдүү адискөй кадрларды даярдоо максатында билим берүүнүн инновациялык чөйрөсүн өнүктүрүү;
- студенттердин республиканын алдыңкы билим берүү мекемелеринде, мектептерде практикаларын уюштуруу системасын жакшыртуу;

- кафедрага таланттуу окуучуларды максаттуу түрдө издөөнүн жана тартып келүүнүн негизинде аларга студенттер менен биргеликте чыгармачыл долбоорлорду жана илимий-изилдөөлөрдү ишке ашырууга катышуууга мүмкүнчүлүк берүү менен, профориентациялык жана жарнамалык ишмердикти сапаттуу жаңы деңгээлге алып чыгуу, ошону менен бирге, таланттуу окуучулар арасында жайкы мектептерди уюштуруу, илимий дарстарды окуу жана окуучулардын интеллектуалдык чыгармачылыгынын маданиятын калыптандырууга багытталган иш-чараларды өткөрүү менен аларды факультетке окууга тартып келүү;

- билим берүүнүн сапатын окутуучулардын сабакка катышуусуна бекем көзөмөл жүргүзүү аркылуу эмес, тескерисинче, алардын өзүн-өзү сыйлай билүүсүн жогорулатуу менен эмгегинин натыйжасы үчүн жоопкерчилигин арттыруу аркылуу көтөрүү

**Илимий жана инновациялык ишмердик:**
- окуу программасына ылайык, жаңы багыттагы окуу китептерди, окуу-методикалык куралдарды даярдоо;
- маалыматтык-телекоммуникациялык жана башка илимий багыттагы технологияларды (телеконференцияларды, электрондук журналдарды, дүйнөлүк электрондук илимий ресурстарга жана маалыматтар базасына кирүүгө мүмкүнчүлүк) илимий изилдөө ишмердигине кенен киргизүү;
- изилдөө иштерине катышып жаткан илимий педагогикалык кызматкерлерге дем берүү үчүн шыктандыруунун жаңы жолдорун иштеп чыгып университеттин жетекчилигине сунуштоо;
- жаш жана таланттуу изилдөөчүлөрдү аныктап, студенттердин илимге аралашуусун, ишмердиктерин өркүндөтүү, олимпиадаларга, илимий иштердин сынактарына, форумдарга жана семинарларга катышуусун жигерлештирүү;

«Мамлекеттик тил кыргыз тилинде окутулбаган билим берүү мекемелеринде» - 550 001 адистигин даярдоо кундузгу жана сырттан окуу боюнча жургузулот.

Сырттан окуу болумундо - 23 студент;

Кундузгу болумдо - 122 студент;

Жалпы – 145 студент билим алууда.



*Кафедрадагы тийиштүү документациялар (план, программа, окуу-методикалык комплекстер, отчеттор ж.б.) менен кафедрадан таанышса болот.*

**Көңүл бурганыңыздарга ыраазычылык билдиребиз!**